**Интернет-эквайринг боюнча "Интернет-эквайрингге оңой туташыңыз!" акциясынын эрежелери**

**1. Сөздүк - Глоссарий:**

**1.1. Интернет эквайринг** - бул интернет аркылуу банк картасы менен төлөмдөрдү кабыл алууга мүмкүндүк берген технология. Карталарды алып жүрбөгөн, банк карталарынын жана электрондук капчыктардын колдонуучулары дагы интерне-эквайрингди колдоно алышат.

**1.2. Транзакция** - бул банк эсебиндеги каражаттардын жылышына байланыштуу операция.

**2. Жалпы жоболор**

2.1. Бул акция шыктандыруу лотереясы эмес жана Visa төлөм системасы аркылуу соода-сервис ишканалары (ССИ) үчүн "Интернет-эквайринг" кызматтарынан пайдаланууну сүрөмөлөөгө багытталган.

2.2. Катышуучулар ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттарды аткарууларына жараша аныкталат.

2.3. Акциянын уюштуруучулары - "Элдик Банк" ААК жана Visa компаниясы.

**3. Акциянын максаты:**

3.1. Ата мекендик компанияларды Visa төлөм системасы аркылуу "Интернет-Эквайринг" кызматына туташууга жана аны колдонууга тартуу жана кызыктыруу.

3.2. "Элдик Банк" ААКда "Интернет-Эквайринг кызматын колдонуу аркылуу төлөм карталары боюнча транзакциялардын көлөмүн көбөйтүү.

**4. Акцияны өткөрүү мөөнөтү**

4.1. Акция **2026-жылдын 1-апрелинен тартып 2026-жылдын 1-октябр**ына чейин өткөрүлөт.

4.2. Банк Акция өткөрүү мөөнөтүн өзгөртүү укугун өзүнө калтырат. Мөөнөт өзгөргөн учурда, Банк кардарларга Банктын расмий сайтында кабарлайт.

**5. Акциянын катышуучулары**

5.1. Юридикалык жактар жана жеке ишкерлер – Кыргыз Республикасынын резиденттери.

5.2. Акция мезгилинде "Элдик Банк" ААКдан Интернет-квайринг кызматына туташкан юридикалык жактар жана жеке ишкерлер.

5.3. Юридикалык жактардын бенефициарлары болгон жеке адамдар – Кыргыз Республикасынын резиденттери.

**6. Акцияга катышуу тартиби**

6.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу Акция мезгилинде “Интернет- Эквайринг” кызматына туташууга тийиш. Бул Акция учурунда туташкан бардык Катышуучулар үчүн “Интернет-Эквайринг” кызматына туташуу боюнча комиссия төлөмү “Интернет-Эквайринг” кызматына келишимди түзгөн күндөн тартып 6 ай ичинде алынбайт. Эгерде Акциянын бюджети 6 айдын ичинде түгөнүп калса, Акция мөөнөтүнөн мурда токтотулат.

6.2. Эгерде, Акциянын бюджети Акция өткөрүү мезгилинде түгөнүп калбаса, Банк Акцияны дагы 6 айга узартуу укугун өзүнө калтырат.

**7. Катышуучунун укугу:**

7.1. "Элдик Банк" ААКтан “Интернет-эквайринг” кызматына туташкан жана Акция мезгилинде Visa картасы менен төлөмдөрдү кабыл алган кайсы болбосун юридикалык жак/жеке ишкер Акциянын катышуучусу болуп саналат.

**8. Кошумча шарттар:**

8.1. Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энелери, жубайлары, балдары) Акцияга катыша алышпайт;

8.2. Акцияга катышуу жана анын шарттарына макул болуу Катышуучунун ушул эрежелердин 4, 5, 6 жана 7-пункттарын аткаруусу менен тастыкталат.

8.3. Төмөндү кызматтар Акцияга катыша албайт: сатуучу категориясынын коду - MCC (Merchant Category Code) классификациясына ылайык жогорку тобокелдиктеги соодагерлер, мамлекеттик органдар.

8.4. Катышуучулар Акцияга катышууга байланыштуу бардык чыгымдарды өздөрү көтөрүшөт.

8.5. Катышуучулар байланыш маалыматы жана берилген маалыматтын тактыгы үчүн жоопту болушат.

8.6. Банк туура эмес жазылган реквизиттер же мобилдүү жана стационардык байланыш операторлор тармагындагы кандай болбосун мүчүлүштүктөр үчүн жоопту эмес.

8.7. Шарттарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген же Акцияны токтото туруу чечими кабыл алынган учурда, бул тууралуу Акциянын Катышуучуларына Банктын www.eldik.kg корпоративдик сайтында билдирүү жарыялоо аркылуу кабарланат.

8.8. Бул Эрежелер жана аларга киргизилген ар кандай өзгөртүүлөр бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

8.9. Бул Эрежелер жана аларга киргизилген өзгөртүүлөр Банктын www.eldik.kg сайтында жарыяланат.